968

**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**Дары-дармектер жана медициналык**
**техникалар менен камсыздандыруу**
**департаментинин башкы**
**директорунун биринчи орун басары**
**Джусупова Дж. Дж.____________**
**«_07_»_февраль_______20_17_- ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ИСЛА-МИНТ®
## (ISLA-MINT®)

**Каттоо номери__________________________**

**Соодадагы аталышы**
Исла-Минт

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Жок

**Курамы**
1 пастилкада төмөнкүлөр камтылат:
*Активдүү зат:* исландиянын мамык чөбүнүн суулуу экстракты100 мг (2-4:1);
*Көмөкчү заттар:* сорбит эритиндиси 70 % кристаллдашпаган (Е 420), аспартам (Е 951), акация (гуммиарабик), ачуу жалбыз майы, хлорофилдердин жез комплекстери (Е 141), жеңил минералдык май, тазаланган суу

**Сүрөттөмөсү**
Жашыл түстөгү пастилкалар.

**Дарынын түрү**
Пастилкалар.

**Фармадарылык тобу**
Ооз көңдөйүнүн жана тамактын ооруларында колдонулуучу дарылар.
АТХ коду: R02A.

**Фармакологиялык касиеттер**
Дем алуу жолдорунун сезгенүү ооруларында өзүнүн айкын дарылык таасиринин жардамы менен мурда көптөгөн байыркы өнүккөн цивилизацияларда колдонулган *Cetraria islandica* (исландиянын мамык чөбү) дары өсүмдүгүнүн кургатылган суулуу экстракты Исла-Минт дарысында камтылат. Дем алуу жолдорунун сезгенүү ооруларында Исла-Минт дарысынын жөтөлгө каршы таасири, таасир берүүчү заттын микробго каршы активдүүлүгүнө негизделет. Дарыда камтылган полисахариддер дем алуу жолдорунун былжыр чел кабыгын капташат жана аны сырткы чөйрөнүн зыяндуу таасиринен жана ар кандай түрдөгү дүүлүктүргүчтөрдөн натыйжалуу коргошот.
Исла-Минт дарысы коргоочу касиеттерге да ээ болгондуктан, аны дем алуу жолдорунун өзгөчө сезгичтигинде же дем алуу жолдоруна катуу күч келгенде (мисалы, спорттук мелдештер) алдын ала чара көрүү каражаты катары колдонууга болот.
Дарынын микробго каршы жана иммуностимуляциялык касиеттери илимий изилдөөлөрдө тастыкталган.
Суук тийүүнүн коркунучу бар учурда, Исла-Минт дарысын алдын ала чара көрүү үчүн колдонуу дем алуу жолдорунун ар кандай түрдөгү инфекцияларга чалдыгуусун төмөндөтүүгө көмөк көрсөтөт.
Исла-Минт дарысы жакшы көтөрүмдүү болгондуктан кыйыр реакциялар байкалган эмес. Дары ошондой эле ашказанга да жумшак таасир берет.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**
Тамактын инфекциялык-сезгенүү оорулары: тамактын сезгениши, кулкун сезгениши, ошондой эле аллергиядан пайда болгондор (кургак, дүүлүктүрүүчү жөтөл, үндүн кырылдоосу) комплекстүү дарылоонун курамында колко астмасында, курч жана өнөкөт бронхиттерде симптомдорго жараша дарылоо;
Үн байламталарына катуу күч келүү (ырчыларда, мугалимдерде, лекторлордо).
Тамак жана ооз көңдөйүнүн былжыр чел кабыктарынын кургак болуусу жана дүүлүгүүсү (кондиционер менен жабдылган бөлмөлөрдө, мурун менен дем алуу чектелгенде, спорттук мелдештер учурунда, от жагуу мезгилинде бөлмөлөрдө жетишээрлик нымдуу эмес, кургак абаны дем алуу).

**Колдонуу жолу жана дозалоо тартиби**
12 жаштан жогорку курактагы балдарга жана чоңдорго бир саат сайын 1 пастилкадан (күнүнө 12 пастилкага чейин), 4 төн 12 жашка чейинки курактагы балдарга – 1 пастилкадан ар бир 2 саат сайын колдонулат (күнүнө 6 пастилкага чейин), ооздо жай эрип кетүүсүнө мүмкүнчүлүк берүү керек.
Исла-Минт дары каражатты кайчылаш көтөрүмдүүлүктөн улам, аны узак убакыт бою эч кандай коркунучсуз колдонууга болот.
Андан сырткары, оорунун симптомдору кеткенден кийин да туруктуу дарылык натыйжалуу таасирге жетүү максатында Исла-Минтти дагы бир канча күн кабыл алуу керек.

Эгер 4-5 күндүн ичинде оорунун туруктуу симптомдору басандабаса же, тескерисинче, начарлап баратса, демигүү, калтыратма, ошондой эле ириңдүү жана кан аралаш какырык пайда болгон учурда дароо дарыгер менен кеңешүү керек.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Фенилкетонурия бар болгон учурда дарыда аспартам таттуу заты бар экендигин эске алуу керек. Фруктозаны көтөрө албастыкта дайындоого болбойт. Дарынын кандайдыр бир курамдык бөлүгүнө жогорку сезгичтик белгилүү болгон учурда дайындоого болбойт.

**Ашыкча доза**

Дарынын токсиндүү таасири тууралуу азыркы убакытка чейин белгисиз.

Исла-Минт дарысын чоң өлчөмдө байкабай кабыл алуудан кийин да, дарынын фармакологиялык касиеттеринин жардамы менен токсиндүү таасир байкалган эмес.

**Өзгөчө алдын ала эскертүүлөр жана алдын алуу этияттык чаралары**

Исла-Минт дарысында камтылган өсүмдүктөрдөн алынган экстракттар, кээде бул дары каражаттын түсүндөгү жана жытындагы четтөөлөргө себеп болушу мүмкүн, андыктан бул нерсе анын дарылыгына эч кандай таасирин тийгизбейт.

Исла-Минт дарысы кантты камтыбайт, ошондуктан аны кант диабети менен ооруган бейтаптарга дайындоого болот.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**

Азыркы убакытка чейин башка дары каражаттары менен өз ара таасирлери белгисиз.

**Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу**

Башка бардык фармацевтикалык дарылар сыяктуу эле Исла-Минтти кош бойлуулук жана эмизүү мезгилинде дарыгер менен алдын ала кеңешүүдөн кийин гана колдонууга болот.

**Авто унааны башкарууда же башка механизмдер менен иштөөдө реакциянын ылдамдыгына таасирин тийгизүү жөндөмдүүлүгү**

Дарыны нускамага ылайык колдонууда, аны кабыл алуудан эч кандай натыйжалар күтүлбөйт.

**Жарактуулук мөөнөтү.**

4 жыл.

Таңгакчада көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

**Сактоо шарты**

25 °С дан жогору эмес аба табында балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Таңгагы**

Алюминий фольгадан жана ПВХ-пленкадан турган блистерде 10 таблеткадан. 3 блистер медицинада колдонуу боюнча нускамасы менен кошо картон кутуда.

**Чыгаруу категориясы.**
Рецепти жок

**Өндүрүүчү-мекеме**
Энгельгард Арцнаймиттель ГмбХ & Ко. КГ
Херцбергштрассе 3,
61138 Нидердорфельден,
Германия

**Расмий өкүлү**
Альпен Фарма АГ, Берн, Швейцария